МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
МИНИСТЕРСТВО СЕЛЬСКОГО ХОЗЯЙСТВА, ПИЩЕВОЙ ПРОМЫШЛЕННОСТИ И МЕЛИОРАЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
К.И.Скрябин атындагы кыргыз улуттук агрардык университетинин

ЖАРЧЫСЫ

ВЕСТНИК
Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина



Материалы международной научно-практической конференции:

«Роль почвенной науки для устойчивого развития сельского хозяйства и экологии»

посвященной 90-летию академика А.М.Мамытова

ISSN 1694-6286
№ 2 (43) 2017

Бишкек – 2017

5. Мурсалиев А.М. Кыргыз республикасынын аймагындагы Тянь-Шань-Алай тоо системасынын экологиялык жагдайы // Вестн.посв. 20-летию Талас. Госун.2016.
6. Мурсалиев А.М. Кыргыз жергесиндеги жаратылыштын экологиясы // Журн. Живая природа Кыргызстана,2016.
7. Малюга Д.П. Биогеохимический метод поисков рудных месторождений.-М., Наука, 1964.

Сведения об авторах. Мурсалиев А.М. mursaliev@gmail.com
б.и.д, профессор Биология жана топурак таануу институту Кыргыз Улуттук илимдер академиясы
Түнкатарова Э.И.
б.и.к. К.И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети
Телефон (мобильный) 0773228886, 0703228886.

Рецензент: Карабаев Н.А., д.с.х.н., профессор, КНАУ им. К.И.Скрябина.

УДК:574(575.2)

Асыкулов Т.
Dr.rer.nat., к.г.н., доцент, "Союз охраны природы Германии (NABU)" Кыргызстандагы филиалынын мүдүрү

КЫРГЫЗСТАНДА КЫЗЫЛ КИТЕПТИН ЖАНА ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ЖАРАТЫЛЫШ АЙМАКТАРДЫН МААНИСИ

Ачкыч сөздөр: Кызыл Китеп, Конвенция, жапайы жаратылыш, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары, ЭЖКБ

Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын Кыргызстандагы жайгашуусун айтаардан мурда Кызыл Китеп жөнүндө токтоло кетели.

Кызыл китеп бул өзгөчө коргоо тартибин киргизип, андан ары өсүмдүктөрдүн же жаныбарлардын санын көбөйтүү максатында мыйзам аркылуу бекитилүүчү жоголуп бараткан же жоголуу алдында турган сейрек кездешүүчү жаныбарлар жана өсүмдүктөр тууралуу маалыматтардын жыйындысы. Кыргыз Республикасынын Кызыл Китеби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий документи, Кыргыз республикасынын жаратылышты коргоочу мыйзамдарынын маанилүү өтмө компоненти жана Биологиялык ар түрдүүлүк боюнча Конвенцияга, жоголуп кетүү коркунучу алдында турган жапайы фауна жана флоранын объекттерин эл аралык соодалоо жөнүндө Конвенцияга (CITES) жана келгин жапайы жаныбарлардын түрлөрүн сактоо боюнча Конвенцияга (CMS) кошулуудан келип чыгуучу эл аралык милдеттенмелерди аткаруунун механизмдеринин бири болуп саналат. Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түр же түрчөлөрү Кызыл китеп басылып, жарыяланган учурдан тартып эмес, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү *токтому* күчүнө кирген учурдан тартып, Кызыл китепке киргизилген жана мамлекеттин өзгөчө коргоосунда турган болуп эсептелет.

Башкача айтканда же юридикалык өңүттө Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби – бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, өзгөчө коргоого алынган сейрек жана жоголуп кетүү коркунучу алдында турган жапайы жаныбарлардын, жапайы өскөн өсүмдүктөрдүн жана козу карындардын түрлөрүнүн же түрчөлөрүнүн тизмеси.

Мындан тышкары Кызыл Китеп жөнүндөгү Жобо да иштелип чыгат. Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу 11-апрелде 2016 -жылы №189 токтому кабыл алынган.

Бул Жободо Кызыл Китеп кандайча колдоушу керек жана ал аркылуу кандай иштер жүргүзүлүш керек эндиги жазылган. Кызыл китеп ага киргизилген жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн түрлөрүнүн же түрчөлөрүнүн санын турукташтыруу жана аларды жоголуп

кетүү коркунучунан чыгаруу боюнча мамлекет тарабынан көрүлүп жаткан күч-аракеттерди арттырууга багытталган маалыматтарды ирээтке келтирүү максатында жана дүйнөлүк биологиялык ар түрдүүлүктү жана экотутумду сактоо максатында даярдалат. Кызыл китеп ошондой эле экотутумдарды сактоо, алардын туруктуу жашап туруусун колдоого алуу, илимий изилдөөлөрдү, мониторинг жүргүзүү, калктын жана чечимдерди кабыл алуучу адамдардын арасында жаратылышты коргоо билимдерин үгүттөө, өсүп келе жаткан муунду экологиялык жактан тарбиялоо максаттарына дагы кызмат кылат.

Тигил же бул түрдүн же түрчөнүн жоголуп кетүү коркунучтарынын категориялары *Эл аралык жаратылышты коргоо бирлиги* (ЭЖКБ) тарабынан сунуш кылынган биологиялык түрлөрдүн жоголуп кетүү тобокелдигинин принциптерин жана сандык критерийлерин пайдалануу менен жана Кыргыз Республикасынын аймагындагы түрлөрдүн же түрчөлөрдүн заманбап абалдары жана көбөйүүсүнүн абалындагы өзгөрүүлөрдүн мүнөздүү багыттары жөнүндө ишенимдүү маалыматтардын негизинде жана модификацияланган аймактык шарттарды эсепке алуу менен жекече аныкталат.

1963 – жылдан баштап *Эл аралык жаратылышты коргоо бирлиги* (ЭЖКБ) жоголуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмесин түзүп келет,башкача айтканда бүткүл дүйнөлүк Кызыл китепти даярдап баштаган. Анда жаныбарлар жана өсүмдүктөр үчүн коркунучтун бир нече деңгээли бөлүнгөн:

Мында (Сүрөт 1):

1. Extinct (толук жоголгондор) (EX),
2. Extinct in the Wild (жаратылышта жоголгон) (EW),
3. Critically Endangered (өтө коркунучтагы же кыйчалыш абалда тургандар) (CR), Endangered (коркунуч абалда тургандар) (EN),
4. Vulnerable (алсыз абалдагы же алсыздар) (VU),
5. Near Threatened (алсыз абалга жакындаган) (NT),
6. Least Concern (аз коркунучтагы) (LC),
7. Data Deficient (жетишсиз изилденгендер) (DD),
8. Not Evaluated (коркунуч бааланган эмес) (NE).



Сүрөт 1. ЭЖКБ нин коркунуч деңгээлдери

Кыргыз республикасынын Кызыл китебине карата болгон жободо да сандык критерийлери боюнча ЭЖКБ категорияларынын тутумуна ылайык жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн же козу карындардын түрлөрү же түрчөлөрү белгиленген төмөнкү үч жоголуп кетүү коркунуч категорияларынын бирине киргизсе болот деп жазылган:

1) «КЫЙЧАЛЫШ АБАЛДА ТУРГАНДАР» же өтө коркунучтага (CR – critically endangered)

Түр же түрчө кандайдыр-бир критерийлер боюнча анын көбөйүү абалы сандык сактан кыйла ачык-айкын ушул категорияга ылайык деп бааланганда «Кыйчалыш абалда тургандар» категориясында болуп саналат, жана ошондуктан ал жапайы жаратылышта жоголуп кетүүнүн өзгөчө жогорку тобокелдиги алдында турган катары каралат.

2) «КОРКУНУЧТУУ АБАЛДА ТУРГАНДАР» (EN - endangered)

Түр же түрчө кандайдыр-бир критерийлер боюнча анын көбөйүү (көбөйүүлөрүнүн) абалы сандык сактан кыйла ачык-айкын ушул категорияга ылайык деп бааланганда «Коркунучтуу абалда тургандар» категориясында болуп саналат, жана ошондуктан ал жапайы жаратылышта жоголуп кетүүнүн олуттуу коркунучу алдында турган катары каралат.

3) «АЛСЫЗДАР» (VU - vulnerable)

Түр же түрчө кандайдыр-бир критерийлердин көпчүлүгү боюнча анын көбөйүү абалы сандык жактан кыйла ачык-айкын ушул категорияга ылайык деп бааланганда «Алсыздар» категориясында болуп саналат, башкача айтканда, ал көбөйүү абалынын өзгөрүүлөрүнүн

заманбап мүнөздүү багыттарында жапайы жаратылышта жоголуп кетүү коркунучу алдында турган катары каралат.

Кызыл китепке "кара" тизме тиркемесинде сандык критерийлери боюнча ЭЖКБ категорияларынын тутумуна ылайык жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн же козу карындардын түрлөрү же түрчөлөрү белгиленген төмөнкү эки жоголуп кетүү коркунуч категорияларынын кайсы-бирине киргизилүүгө жатат:

1) «ТОЛУК ЖОГОЛГОНДОР» (EX – extinct)

Түр же түрчө анын акыркы жандыгы 1880-жылдан кийинки мезгилде өлгөнүнөн эч кандай негиздүү шектенүү калбаганда, түр же түрчө "Толук жоголгон" делип таанылат.

Анын белгилүү жана\же болжолдуу жашаган жерлери (сутканын, сезондун, жылдын) ылайыктуу убагында тыкыр иликтенгенде, анын тарыхый ареалынын чектеринде анын бир дагы жандыгы табылбаганда түр\түрчө "Толук жоголгон" деп таанылат. Иликтөө убакыттык көрсөткүчтөрү боюнча түрдүн (түрчөнүн) жашоо циклине жана биологиялык таризине ылайык келүүсү тийиш.

2) «ЖАПАЙЫ ЖАРАТЫЛЫШТА ЖОГОЛГОНДОР» (EW – extinct in the wild)

Ал өлкөнүн аймагында эркин эмес, мурдагы ареалдан же маданияттан тышкары натуралдашкан көбөйүү (көбөйүүлөр) шарттарында гана сакталып калганы белгилүү болгон, ал эми анынтарыхый ареалынын чектеринде белгилүү жана\же болжолдуу жашаган жерлери (сутканын, сезондун, жылдын) ылайыктуу убагында тыкыр иликтенгенде бир дагы жандыгы табылбаган түр же түрчө "Жапайы жаратылышта жоголгон" катары таанылат.

Сандык критерийлери боюнча ЭЖКБ категорияларынын тутумуна ылайык белгиленген төмөнкү төрт категориялардын кайсы-бирине киргизилген жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн же козу карындардын Кыргыз Республикасынын аймагында жашоочу (өсүүчү) түрлөрү же түрчөлөрү Кызыл китепке жатпайт, бирок алардын көбөйүүсүнүн, же айлана чөйрөнүн абалы начарлаган, же үзгүлтүксүз абалдарын кайра кароонун, же жаңы маалыматтар пайда болгон (алардын жоголуп кетүү коркунучун адекваттуу баалоо үчүн зарыл болгон) учурларда кийин соңу киргизилиши мүмкүн:

1) «КОРКУНУЧТУУГА ЖАКЫН АБАЛДА ТУРГАНДАР» (NT – near threatened)

Критерийлердин көпчүлүгү боюнча анын көбөйүүсүнүн абалы сандык жагынан «Кыйчалыш абалда тургандар», «Коркунучтуу абалда тургандар» же «Алсыздар» категорияларына ылайыктуу эмес деп бааланганда, бирок ошого жакын же жакынкы келечекте жогорку категориялардын бирине киргизилип калуу коркунучу бар түр же түрчө «Коркунучтууга жакын абалда тургандар» болуп саналат.



Сүрөт 2. Илбирстин Кыргызстандагы санынын динамикасы
(Булак: Кыргыз ССРинин Кызыл Китеби, 1985; Кыргыз республикасынын Кызыл Китеби, 2007)

2) «АЗЫРААК КООПТОНУУ ЖАРАТКАНДАР» (LC – least concern)

Ал кеңири таралышы, салыштырмалуу көп саны менен мүнөздөлгөндө, жана баалоодо бир да критерий менен «Кыйчалыш абалда тургандар», «Коркунучтуу абалда тургандар» же «Алсыздар» же «Коркунучтууга жакын абалда тургандар» катары квалификацияланбаган түр же түрчө «Азыраак кооптонуу жараткандар» болуп саналат.

3)«ЖЕТИШСИЗ ИЗИЛДЕНГЕНДЕР» (DD – data deficient)

Статусунун абалын түздөн-түз же кыйыр баалоо үчүн Анын санынын жана\же ареалынын абалы жөнүндө болгон маалыматанын көбөйүүсүнүн абалына түздөн-түз же кыйыр баа берүү

үчүн жетишпеген түр же түрчө «Жетишсиз изилденгендер» («Маалыматтар жетишсиз») категориясына кирет.

4) «БААЛАНБАГАНДАР» (NE – not evaluated)

Анын анын көбөйүүсүнүн\көбөйүүлөрүнүн абалына ЭЖКБ критерийлери боюнча али бааланбаган түр\түрчө «Бааланбагандар» деп эсептелет.

Кыргыз республикасынын 28.04.2005-жылдагы №170 токтому менен Кыргыз республикасынын Кызыл Китебине кирүүчү сейрек жана жоголуп бара жаткан жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн тизмеси бекитилген.

2006-жылы жарык көргөн Кызыл Китепке жалпы 202 өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын түрлөрү кирген, аларды ичинен:

- 87 бийик өсүмдүктөрдүн жана козу карындардын түрлөрү
- 23 сүт эмүүчүлөрдүн
- 57 куштардын
- 18 курт-кумурскалардын
- 10 Жерде-сууда жашоочулардын (амфибия) жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн (рептилий)
- 7 балыктардын

түрлөрү болуп бөлүнгөн.

Бул тизме түзүлүп бүткөндөн 1985-жылдан бери чыга элек Кызыл Китеп 2006-жылы кайра басылып чыкты.

Негизинен Кызыл Китепке кирген жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү коргоо бул ӨКЖА дын негизги милдети болуп саналат. Мисалы, Кыргызстандын биринчи жана экинчи чыккан Кызыл Китептеринин маалыматы боюнча 1980-жылдардын башында илбирстин саны 1 400 башка жетсе, 2000 – жылдардын башында ал 150-250 башка чейин төмөндөгөн (Сүрөт 2). Ошондуктан илбирс Кыргыз республикасынын Кызыл Китебине алгачкылардан болуп киргизилип жоголуп бараткан жаныбар катары бааланды.

Кыргызстандын шартында болсо ӨКЖА дын түрдүү категориялары жана статусу кабыл алынган. Алардын көпчүлүгү совет доорунда кабыл алынган категорияларга ылайыкташтырылып түзүлгөн. Ошентсе да жалпысынан бүткүл дүйнөлүк жаратылышты коргоо уюмунун (IUCN) стандартына туура келет.

Кыргызстандагы ӨКЖА дын тармагы расмий түрдө төмөнкү категориялардан турат:

- Мамлекеттик табигый коруктар
- Мамлекеттик жаратылыш парктары
- Мамлекеттик корукчалар (мыйзамда орусча аталыштагы заказниктер өзгөчө коруктар деп которулган)
- Мамлекеттик табият эстеликтери
- Мамлекеттик ботаникалык бактар
- Мамлекеттик дендрологиялык парктар
- Мамлекеттик зоологиялык парктар
- Биосфералык аймактар
- Транс чек аралык өзгөчө корголуучу аймактар

Бул өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын түрлөрүнүн дээрлик бардыгы Кыргызстанда өз иштерин алып барууда. Дендропарктар жана транс чек аралык өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары гана азыркы учурда түзүлө элек. Бирок Кыргыз республикасынын “Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндөгү мыйзамдын 8-главасы транс чек аралык өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарына арналган. Бул главанын 29-беренесинеде эл аралык маанидеги өзгөчө корголуучу транс чек аралык жаратылыш аймактарын уюштуруунун тартиби, максаты жана милдеттери белгиленген.

Ошондой эле анда төмөнкүдөй пункттар кабыл алынган:

1. Эл аралык маанидеги өзгөчө корголуучу транс чек аралык жаратылыш аймактары мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдердин негизинде уюштурулат.

2. Эл аралык маанидеги өзгөчө корголуучу транс чек аралык жаратылыш аймактары биочөйрөнүн жалпы экологиялык тең салмагын сактоо, флоранын жана фаунанын жок болуу коркунучунда турган жана Кыргыз Республикасынын жана коңшу өлкөлөрдүн Кызыл китебине киргизилген биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, Кыргыз Республикасы тарабы болгон эл аралык келишимдерден чыгуучу Кыргыз Республикасынын милдеттенмелерин аткаруу максатында уюштурулат.

3. Эл аралык маанидеги өзгөчө корголуучу транс чек аралык жаратылыш аймактары төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө арналат, алар:

- көп тараптуу жана эки тараптуу эл аралык келишимдерге ылайык жаратылыш-корук фондунун аймактарын жана объекттерин коргоо жана пайдалануу жаатында эл аралык кызматташууну жүзөгө ашыруу;
- жаратылыш-корук фондун сактоого багытталган эл аралык илимий жана илимий-техникалык программаларды иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу;
- алынган илимий маалымат менен алмашуу;
- чектеш аймактарда эл аралык стандарттарга ылайык келген ар кыл категориядагы өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын түзүү;
- илимий адистерди биргелешип даярдоону уюштуруу;
- экологиялык-агартуучу жана башка иштерди жүзөгө ашыруу.

(Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө Кыргыз республикасынын мыйзамы, 2011-жылдын 3-майы № 18)

Демек, бул мыйзамдын негизинде Кыргыз республикасы чектешкен башка кошуна мамлекеттер менен биргеликте өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын жаңы түрүн түзүүгө шарты бар.

Ушул эле мыйзамдын 26-беренесинде мамлекеттик ботаникалык бактарды, дендрологиялык жана зоологиялык парктарды уюштуруунун максаты да көрсөтүлгөн.

Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары бардык түрү мамлекеттин менчиги болуп саналат. Мыйзамдын 6-беренесинде төмөнкүдөй белгиленген: “Мамлекеттик жаратылыш коруктары, мамлекеттик жаратылыш парктары, ботаникалык бактар, дендрологиялык жана зоологиялык парктар, өзгөчө коруктар, жаратылыштын мамлекеттик эстеликтери, трансчек аралык өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары, биочөйрөлүк аймактар жана/же резерваттар жана алардын жерлери Кыргыз Республикасынын менчигинде гана болот жана Кыргыз Республикасынын улуттук байлыгы болуп эсептелет”*(Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө Кыргыз республикасынын мыйзамы, 2011-жылдын 3-майы № 18).*



Сүрөт 3. Кыргызстандын ӨКЖА, миң га


Кыргызстандагы ӨКЖА жалпы аянты – 1198889, 2 га ды түзөт. Бирок азыркы учурда жер пайдалануу көйгөйү болуп тургандыктан бул сан дайыма өзгөрүүлөргө учурап турууда. Ошентсе да алардын аянты жалпы Кыргызстандын аянтынын 6,0 % га жакынын түзөт. Токой экосистемасын өнүктүрүү жана ӨКЖА департаментинин маалыматы боюнча, азыркы учурда ӨКЖА тар республиканын жалпы аянтынын 7,8 % ын түзөт (*Ырсалиев, 2016*). Мурунку маалыматтын өзгөрүшү кийин түзүлгөн "Хан-Тенири", "Алатай" жана "Каначу" жаратылыш парктарына байланыштуу болууда. Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба агенттигинин койгон максаттарынын бири келечекте түштүк Кыргызстанда "Чоң-Алай" жаратылыш паркын түзүү болуп саналат.

Аларды пайыздык катнашта өз ара төмөнкүчө бөлүүгө болот:



Сүрөт 4. ӨКЖА дын пайыздык катнашы

ӨКЖА дын жалпы аянтынын көпчүлүгүн же 40% ын мамлекеттик табигый коруктар ээлейт. Ал эми 27% ын болсо мамлекеттик табигый парктар ээлеп жатат. Аянттарынын чондугу боюнча кийинки орунда мамлекеттик корукчалар турат, алар жалпы аянттын 22 % ын түзөт. Ботаникалык бактардын негизин Кыргыз республикасынын Улуттук илимдер академиясына караштуу ботаникалык бак түзүп, жалпы аянттын 10% туура келет. Зоологиялык парктарга Караколдогу Кыргызстандагы зоопарк гана кирет жана аянты боюнча ал болгону жалпы аянттын 1% гана түзөт. Бул сандар дагы өзгөрүп кетиши мүмкүн, себеби, азыркы учурда антропогендик басым көбөйгөндүгүнө байланыштуу, Кыргызстандын табиятында дагы коргоого алынуучу бөлүктөр келип чыгып, аларды коргоо муктаждыгы пайда болот. Ошондуктан, корголуучу жаратылыш аймагын түзүп, алардын жалпы аянтына болгон сандар өзгөрүүгө туш болот.



Кыргызстандын аймагынын 94% тоолуу болгондуктан анын ӨКЖА тары негизинен бийик тоолуу экосистеманы коргоого багытталган. ӨКЖА Кыргызстандын бардык административдик областтарында таралган. Областтардын территориясына жараша жалпы аянттын 2,5 % ден 10% ке чейин ӨКЖА лар ээлейт. Аймагынын көлөмү чоң болгон Нарын областтында 3,1 % ӨКЖА орун алган. Аянты боюнча Кыргызстанда экинчи орунда турган Ысык-Көл областтында ӨКЖА жалпы аянттын 7,1 % ын түзөт. Эгерде аянттына жараша ӨКЖА ды пайыздык катнашта карай турган болсок, ӨКЖА Жалал-Абад областтына туура келет, башкача айтканда 9,8 % областтын жалпы аянттын ээлейт. Демек, жалпы аянты чоң болгону менен Нарын областында ӨКЖА дын пайыздык катнашы эң төмөн.

Ошентип, Кыргызстандын бардык региондорунда аянттары аздан болсо дагы ӨКЖА орун алган.

Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жаратылыштын бузула элек эталону болгондуктан, башка аймактар да ошондой сакталып калышына шарт түзүшүбүз абзел.

Колдонулган адабияттар

1. ПОСТАНОВЛЕНИЕ ПРАВИТЕЛЬСТВА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ от 11 апреля 2016 года №189 Об утверждении Положения о Красной книге Кыргызской Республики. [Электрондук ресурс]: http://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=84722 (кайрылган датасы 26.11.2016)
2. Asykulov, T., Schmidt, M. (2005): Naturschutzkonzepte im Transformationsprozess. Das Biosphärenreservat Ysyk-Köl in Kirgistan. Stuttgart, In: Natur und Landschaft. S. 370-377 (*немис тилинде*)
3. Жундубаев К. Особоохраняемые природные территории Кыргызской республики. 2013 г. (Доклад). Материалы конференции.
4. Курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жыйнагы. Бишкек, 1999, -264 б.
5. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы Бишкек шаары, 2011-жылдын 3-майы № 18. (КР 2012-жылдын 25-июлундагы № 132 мыйзамынын редакциясына ылайык).
6. Реймерс Н.Ф., Штильмарк Ф.Р. Особо охраняемые природные территории.[Электрондук ресурс]: Москва: Мысль, 1978. – 298 с. http://www.twirpx.com/file/801352/ (кайрылган датасы: 02.12.2015)
7. Ырсалиев Б.К., Реализация Плана действий по сохранению биоразнообразия в Кыргызской Республике. Доклад в стартовом семинаре проекта "Инициатива ПРООН по финансированию биоразнообразия-Биофин. 14-декабрь 2016, Бишкек

8. Кыргыз республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги. [Электрондук ресурс]: Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары. http://nature.gov.kg/index.php/kg/2014-03-30-08-01-07/2014-03-30-08-47-35.html (кайрылган датасы: 24.02.2016)
9. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ 2011-жылдын 3-майы № 18 Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары жөнүндө *(КР 2012-жылдын 25-июлундагы № 132, 2015-жылдын 2-июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*. [Электрондук ресурс]: (кайрылган датасы: 28.11.2016)
10. Кыргыз ССРинин Кызыл Китеби. 1985.
11. Кыргыз республикасынын Кызыл Китеби. 2006.

Асыкулов Толкунбек
Dr.rer.nat., к.г.н., доцент, "Союз охраны природы Германии (NABU)" Кыргызстандагы филиалынын мүдүрү.

Рецензент: Дылдаев М.М., г.и.к.,доцент, БГУ им. К.Карасаева

УДК631.674(510)

Дин Фэн, Ван Цзэюй, Ван Лэй, Чэнь Шухуан, Ма Сюэцинь, Ван Синьюн*
(1. Исследовательский институт экономии воды в сельском хозяйстве и удобрения почвы Синьцзянской академии сельскохозяйственных наук, Урумчи 830091)

ИССЛЕДОВАНИЕ И ПРИМЕНЕНИЕ ТЕХНОЛОГИИ ВОДОСБЕРЕГАЮЩЕГО ПОЛИВА В СИНЬЦЗЯНСКОМ СЕЛЬСКОМ ХОЗЯЙСТВЕ

Аннотация: Водные ресурсы это необходимые ресурсы, опираясь на которые человечество существует и развивается и без которых оно не сможет обойтись, главный фактор влияния на процесс социально-экономического и экологического развития. В засушливых районах Синьцзяна очень мало дождей, для того чтобы разрешить проблему водоснабжения сельского хозяйства усиление исследования и создания водосберегающих технологий выглядит очень важным. Обзор современной обстановки технологий водосберегающего полива в Синьцзяне, основных технических мероприятий и тенденции развития, подчеркивание настоятельной необходимости развития водосберегающего полива. Несмотря на то, что технология водоэкономичных оросительных сооружений и агротехнология в Синьцзяне имеет быстрое развитие, но только при эффективном сочетании традиционных технологий водосберегающего полива и современных высоких технологий возможно стремительное повышение уровня синьцзянского водосберегающего полива.

Abstract: Water resources are the necessary resources, on which humanity exists and develops and without which it can not do without, the main factor of influence on the process of socio-economic and ecological development.

Ключевые слова: Экономия воды в сельском хозяйстве; Синьцзян; Технологии орошения

Номер библиотечной классификации: S275 Литературный идентифицирующий код: A

Проект Фонда: при материальной поддержке Проекта (41261071) Государственного фонда естественных наук и проекта международного сотрудничества "Строительство открытых лабораторий в Центральной Азии с упором на сельскохозяйственные ресурсы – Первый этап сельскохозяйственного научного центра в Центральной Азии" (2016E03002); Проект специального научно-исследовательного средства для общественной професии (сельскохозяйства) (201303130-06);